*Сейталиева Э.С., Касымалиева Г.О*

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМИН МАТЕМАТИКАЛЫК ДАЯРДООДО ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИН ӨТКӨРҮҮ ЖОЛДОРУ

*Сейталиева Э.С., Касымалиева Г.О*

# ПУТИ ПРОВЕДЕНИЯ САМОСТОЯТЕЛЬНЫХ РАБОТ ПРИ ПОДГОТОВКЕ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ МАТЕМАТИКИ ДЛЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*E.S. Seitalieva, G.O. Kasymalieva*

# WAYS OF CONDUCTING INDEPENDENT WORK IN THE PREPARATION OF FUTURE MATHEMATICS TEACHERS FOR PRIMARY CLASSES

*УДК: 51:510:378:14*

*Макалада студенттердин - келечектеги башталгыч класстын мугалимдеринин өз алдынча иштерин өркүндөтүүнү уюштуруу керектиги каралат. Студенттердин өз алдынча иштеринин типтери жана студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзү, студенттердин өз алдынча иштеринин ар кандай белгилери жана критерийлери көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр**: болочок башталгыч класстын мугалимдери,студенттердин өз алдынча иши, студенттердин математикалык даярдыгы, өз алдынча иштердин түрлөрү, педагогикалык практика.*

*В статье рассматривается необходимость совершенствования организации самостоятельной работы студентов - будущих учителей начальных классов. Показаны типы самостоятельной работы студентов и характер познавательной деятельности студентов, признаки и критерии различных видов самостоятельной работы студентов.*

***Ключевые слова:** будущие учителя начальных классов, самостоятельная работа студентов, математическая подготовка студентов, виды самостоятельных работ, педагогическая практика.*

*The article discusses the need to improve the organization of independent work of students - future primary school teachers. Shows the types of independent work of students and the character of cognitive activity of students, characteristics and criteria of various types of independent work of students.*

***Key words:** future teacher of initial classes, independent work of students of mathematical training of students, types of independent work, pedagogical practice.*

Илимий-техникалык прогресске умтулуу, социалдык жана экономикалык кайра куруулар, жогорку билим берүүнүн ата мекендик системасын реформалоо процесси, Кыргызстандын Болон процессине өтүүсү, билим берүү системасын модернизациялоо мугалимдин ролун жогорку мектептин өнүгүүсүнүн заманбап этабында кайра карап чыгууга түрткү берди.

Жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартын кайра иштеп чыгуу жана билим берүүнүн жаңыртылган мазмунун киргизүү жаңы муундун профессионалдык ишмердүүлүккө ээ, методологиялык маданиятка ээ, өмүр бою үзгүлтүксүз билим берүүгө даяр мугалимдерди даярдоону көздөйт.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарына анын талаптарына шайкеш ЖОЖдор жана мектептер үчүн заманбап мугалим – бул ар бир бала менен жекече иштешүүгө даяр, окуучулардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган, алардын универсалдуу жөндөмдөрүн демонстрациялаган кесипкөй инсан.

Мугалимдин профессионалдык тапшырмаларды аткаруусу азыркы убакта анын окуучуну окутууга карата тандап алган ыкмасына байланыштуу, алар: педагогикалык технология, окуу программасы, колдо бар окуулуктар, методикалык колдонмолор, окутуу каражаттары ж.б. Бул үчүн заманбап мугалим өз алдынча сунуш кылынган теориялык негиздерди анализдей алышы керек, окуу курсунун мазмунун, анын логикасын, методикалык ыкмаларын, түшүнүктөрдү билиши зарыл ж.б.

Педагогикалык татаал ишмердүүлүк менен катар заманбап мугалим окутуу процессин өзгөртүү боюнча тажрыйбалык-эксперименталдык иштерди аткарууга катышуусу тийиш. Бүгүнкү күндө мугалим билим берүү жана маданият жаатында жогорку деңгээлге гана ээ болбостон, алдыда болуучу кыйынчылыктарга, өзгөрүүлөргө даяр болуусу керек. Мугалим өз алдынча чыгармачылык менен билим куржунун, изилдөөчүлүк сапатын, инновациялык ишмердүүлүгүн да жогорулатуусу зарыл. Ушул талаптарга башталгыч класстын мугалимдери да жооп берүүсү керек. Ошентип, өз алдынчалуулук заманбап педагогдун негизги профессионалдык сапаттарынын бири болот. Жогоруда коюлган талаптарга жооп берүү үчүн биз келечектеги башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодо процессинде аларды өз алдынча иштерди аткартуу менен өз алдынчалуулукка үйрөтөбүз. Студенттер өз алдынча иштерди сабактын ар түрдүү формаларында аткарышат. Мисалы, лекция учурундагы, лекциядан кийинки, семинардык-практикалык сабак учурунда же семинардык-практикалык сабактан кийинки ж.б. Математика боюнча семинардык-практикалык сабактарда студенттерге өз алдынча иштерди аткаруу үчүн мугалимдердин практикасынан пайдалуу ыкмаларды, же болбосо түрдүү адабияттардан алынган методикалык ыкмаларды колдонуусу талапка ылайык болот. Студенттердин өз алдынча иштерине кыйыр түрдө көз салып туруу үчүн математика боюнча жалпы көрсөтмөлөр, математика боюнча

кенже класстарга арналган окуулуктардын авторлорунун кенештери сунуш кылынат.

Келечектеги башталгыч класстын мугалимдерин даярдоочу окуу планында каралган «Башталгыч математиканын теориялык негиздери» курсунда «Калдыктуу бөлүү» темасына арналган семинардык-практикалык сабактан кийинки өз алдынча иштерге мисал келтирели.

Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу үчүн методикалык кеңештер берилет, анда математикалык, методикалык көрсөтмөлөр, башталгыч математика боюнча методикалык негиздер, башталгыч класстын окуучуларынын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча кеңештер берилет.

Андан сырткары студенттер үчүн тапшырмалар тиркемеси, адабияттардын тизмеси, кошумча адабияттардын тизмеси берилген. Акыркысы окутуучулардын кыйыр түрдө кийлигишүүсүн талап кылат жана төмөнкүдөй болот:

«Калдыктуу бөлүү» темасын үйрөнүүдөгү математикалык негиздер менен таанышып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

Калдыктуу бөлүүнүн эмне үчүн кереги бар?

Калдыктуу бөлүүгө мисал келтиргиле.

Калдыктуу бөлүүнүн практикалык мааниси кандай?

Башталгыч математика курсунда «Калдыктуу бөлүү» темасын изилдөөнүн орду кандай (программанын негизинде). Бул эмне менен шартталган? Аны өзгөртүүгө болобу? Эгер болсо кантип?

Бөлүүчүдөн калдык ар дайым аз боло турганын кантип түшүндүрүү керек? Эмне үчүн?

Кемитүүчү, кемичүүгө байланышкан суроолорду окуучуларга кантип жеткиликтүү түшүндүрүү керек? Жообуңарды негиздегиле.

Эмне үчүн силердин оюңар боюнча кээ бир окуулуктарда жазуу түрүндө бөлүү алгоритми изилдене электе «бурч» боюнча бөлүү сунушталат? «Калдыктуу бөлүү» темасын башталгыч класстын математика окуулугу боюнча мазмунун анализдегиле. Салыштыргыла.

Өз алдынча методикалык-математикалык маалыматтарды колдонуу менен бир катар көнүгүүлөрдүн жыйындысын түзгүлө жана алардын максаттары төмөнкүдөй болушу керек:

– Калдыктуу бөлүүнүн мазмунун өздөштүрүү жана ачып берүү;

– Бөлүүчү менен калдыктын карым-катышын өздөштүрүү;

– Калдыктуу бөлүүнү аткаруу билгичтиктерин калыптандыруу;

– Тема боюнча билимдерди жана билгичтиктерди жалпылоо.

Мектепте сабактарга байкоо жүргүзүү, окуучулардын иштерин анализдөө, мугалимдер менен аңгемелешүүдө кенже класстын окуучуларынын калдыктуу бөлүүнү аткарганда кетирген каталардын үстүндө иштөөнү жөнгө салып, аларды болтурбоонун жолун тапкыла.

«Калдыктуу бөлүү» темасын үйрөнүүнү пландаштыргыла. Төмөнкү таблица түрүндө түзгүлө:

| № сабактын номери | Сабактын максаты | Сабактын маселелери | Сабактын планы |
|---|---|---|---|
| | | | |

Сабактын планын бир тема боюнча иштеп чыккыла.

Калдыктуу бөлүүнү окуучулар кандайча өздөштүргөнүн билүү үчүн текшерүүчү иштин суроолорун түзүү.

Сунушталган тапшырмалардын биринчиси методико-математикалык адабияттар менен таанышуу болуп саналат, анткени студенттердин ишмердүүлүгү жаратуучу мүнөзгө ээ болот.

Аткаруу процессинде студенттер методико-математикалык негиздер менен таанышышат жана «калдыктуу бөлүүнүн» маанисин өздөштүрүшөт.

2-4 тапшырмалар студенттерден кайра жаратуучу ишмердүүлүктү талап кылат жана реконструктивдүү-вариативдик түргө кирет. Аларды аткаруу процессинде тема боюнча билим тереңдетилет. Ушул убакта болочок мугалимдер белгилүү бир максатка ээ көнүгүүлөрдү түзүүгө көнүгүшөт, ошону менен бирге чыгармачыл ишмердүүлүккө ээ болушат. 5-8 тапшырмалар студенттердин өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүгү болуп саналат.

Мында кээ бир студенттер реконструктивдүү-вариативдүү түрү менен иштешет. Байкоолор көрсөткөндөй студенттердин көпчүлүгүндө чыгармачыл ишмердүүлүк акырындык менен пайда болот. Бул болсо болочок мугалимдердин келечектеги кесибине болгон кызыгуусунан пайда болот.

9-тапшырма чыгармачыл ишмердүүлүк болуп саналат анткени иштин мазмунунун бардыгын методикалык, математикалык китептерден табууга болбойт. Мында студенттер үчүн көрсөтмө гана берилет.

Студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгү педагогикалык процессте тапшырманын түрү, максаты, маселелери менен биргеликте берилет.

Педагогикалык практинанын жүрүшүндө мугалимдин сабактарына анализ жасоо менен бирге жогорку курстун студенттери өздөрүнүн тажрыйбасына билимди, билгичтиктердин топтомун чогулта баштоосу керек (көрсөтмө куралдарды даярдоо, методикалык ыкмаларды түзүү, окуу тапшырмаларын даярдоо ж.б.).

Андан ары студенттер практика жүзүндө математика сабагынан үзүндүлөрдү даярдашат, ошондой эле башталгыч класста математика боюнча факультативдик сабактарды даярдашат.

Практика учурунда «тушоо кесүүчү алгачкы сабактарда» болочок мугалимдер сабактан тышкаркы убактарда башталгыч класстын окуучуларынын каталарынын үстүндө иштөө жана математикадагы кездешүүчү кыйынчылыктар менен иштөөнү, аларды алдын алууну үйрөнүшөт. «Толук иш күнү» студенттер математика сабагын өтүүдө жана

пландаштырууда максаттуу түрдө балдарга математика сабагынын тарбия берүүчү жана өнүктүрүүчү жеке жана дифференцирленген мамиле жасоо билгичтигине ээ болушат.

«Адаптациялык-педагогикалык» практикасын өтүүдө биринчи класстагы сабактарга байкоо жүргүзүү менен бирге балдардын мектептеги алгачкы күндөрүн жөнгө салуучу методикалык ыкмаларды, математикага карата мугалимдин ишмердүүлүгүн жалпылоону, системалаштырууну, ошондой эле өз ыкмаларын бир кылка калыпка салуу керек. Кесиптик-профилдик практика убагында болочок мугалимдер бүтүрүүчү квалификациялык ишинин темасы боюнча изилдөө жүргүзүшөт.

Кыйыр жетекчилик кылуу катары студенттерге жалпы көрсөтмө берилет. Бул учурда өз алдынча иштөө чыгармачыл мүнөзгө өтөт, анткени саналып өткөн методикалык проблемалардын чечилиш алгоритми жок, ал эми студенттердин педагогикалык жана методикалык ишмердүүлүгү анча көңүл жубатаарлык эмес. Мында тапшырманы аткаруунун түрдүү этабында окутуучунун кеңештери эске алынат.

**Адабияттар:**

1. Пидкасистый П.И. Организация учебно-познавательной деятельности студентов. - М.: Педагогическое общество России, 2005.
2. Стойлова Л.П. Математика: Учеб.пособие для студ. высш. пед. учеб. заведений. - М.: Издательский центр «Академия», - 2007.

**Рецензент: к.пед.н., доцент Казиева Г.К.**